**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ОРТО-КАЙЫҢДЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРТО- КАЙЫНДЫ**

**XII- сессия** **I – чакырылыш**

25

# ТОКТОМ

2026 – жылдын 29-июну № 56 Вознесеновка а.

**2027-2029 – жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 95-беренесинин 5-пунктунун негизинде Орто-Кайыңды айыл өкмөтү сунуштаган 2027-2029 – жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн долбоорун угуп, Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 36,39 беренелерине ылайык Орто-Кайыңды айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Орто –Кайыңды айыл өкмөтүнүн 2027-2029 –жылдарга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн долбоору төмөнкүдөй бекитилсин :

| Мөөнөтү | Киреше бөлүгү | | Чыгаша бөлүгү | |
|---|---|---|---|---|
| | Бюджет | атайын эсеп | Бюджет | атайын эсеп |
| 2027 -ж | 30281,6 | 2555,0 | 30281,3 | 2555,0 |
| 2028 -ж | 30924,0 | 2655,0 | 30924,0 | 2655,0 |
| 2029-ж | 31312,0 | 2655,0 | 31312,0 | 2655,0 |

2.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнө жергиликтүү бюджеттин узак мөөнөттүү бекитилген долбоорун аткарылышын камсыздоо тапшырылсын.

3.Ушул токтом каттого алынсын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн.

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Баязовага жана айылдык кеңештин бюджет, каржы ,экономика, салык жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К Мырзагелдиев